**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______ Бишкек ш.

г.Бишкек

**2025-2026-окуу жылына карата балдарды мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын 1-2-класстарына кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, 2025-2026-окуу жылына карата балдарды мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 1-февралындагы № 322/1 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жапа муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу жөнүндө“ буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо автоматташтырылган маалыматтык система жөнүндө” жобо жаңы редакцияда тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Мектептик, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгы (Б.С.Козуев), Мектепке чейинки билим берүү башкармалыгы (Н.А.Касымова), Санариптик трансформация бөлүмү (м.а. Г.Н. Кочорбаева), “Санарип билим берүү борбору” мамлекеттик мекемеси (Б.Н.Бабаев) балдарды жалпы билим берүү уюмдарына “Мектеп” автоматташтырылган маалыматтык система (мындан ары-система) аркылуу кабыл алуу боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) башчылары жана жооптуу адистери үчүн окутуу семинарларды өткөрүшсүн.

3. Санариптик трансформация бөлүмү бөлүмү (м.а. Г.Н. Кочорбаева), “Санарип билим берүү борбору” мамлекеттик мекемеси (Б. Н.Бабаев):

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыздашсын;

- балдарды система аркылуу жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алууда жаралган ата-энелердин суроолоруна жооп берүү үчүн колл-борбордун ишин уюштурушсун.

4. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, аймактык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

- бекитилген жобого ылайык иш алып барууну камсыздашсын;

- жер жерлерде ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөрүү арасында балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-2-класстарына кабыл алуу тартиби жөнүндө маалымат компаниясын жүргүзүшсүн.

5. Маалыматтык саясат бөлүмү (Г.Уметалиева), “Кут билим” газетасынын редакциясы (К.Чекиров) ата-энелер, коомчулук арасында балдарды жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартиби жөнүндө маалымат компаниясын жүргүзүшсүн.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басарлары Л.А. Самыкбаевага жана Н.С. Джусупбековага жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН